Oş Devlet Üniversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
16-17. sayı 2012

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
16-17-саны 2012

# Курандагы фразеологизмдерди кыргыз тилине которуу маселелери

Инаятулла Азимов-(PhD)

**Özet**

Son senelerde ülkemizde Kuran-ı Kerim'in Kırgızca tercümeleri yayınlanmakta ve bu tercümeler gün geçtikçe iyileşmektedir. Söz konusu tercümelerde söz sanatlarının, özellikle de deyimlerin olması gereken düzeyde ele alınıp aktarılamamış olması dikkatlerden kaçmamaktadır. Başka çevirilerde olduğu gibi Kuran-ı Kerim'in Arapçadan diğer dillere çevirisinde deyim olgusu çeviride karşımıza bir sorun olarak çıkmaktadır. Bundan dolayı deyimsel ifadeleri kendilerine has bir metotla anlamı bozmadan çevirmek gerekmektedir. Bir dildeki deyim ikinci dile aktarılırken verilecek anlamı tam olarak yansıtmaya bilir. Diğer bi değiş ile bir dildeki deyimin ikinci dildeki eşdeğeri her zaman bulunmayabilir. Çünkü dilleri kuşatan çevre, kültür, örf, gelenek, din.vb. de çeşitlidir ve çeşitlilik dileri etkilemiştir.

Makalede Arab dilinin deyim varlığı hakkında genel bilgi verilerek, deyim çevirisindeki sorunlar ve çözüm önerileri sunulmaktadır. İşbu öneriler Kuran-ı Kerimdeki bazı deyimler ve onların Kırgızca çevirileri ile örneklendirilmektedir.

**Anahtar kelimeler:** deyimbilim, deyimsel ifade, deyim, çeviri, eşdeğerlik, kalıp sözler, Arapça, Kırgızca.

Тил коомдук көрүнүш болгон соң, аны иликтөөчү тил илими да коом онүккөн сайын онүгүп, изилденүүчү жаңы маселелерди алып чыгары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ошол өңүттөн алып караганда, котормодо жана чет тилдерди үйрөтүүдө кийинки кезде жаңы пайда болгон маселелерди тереңдетип, ар тараптан изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгы келип чыгып отурат. Андай маселелердин бири-**араб тилинин фразеологиясы.**

Араб тили олкөбүздүн кээ бир жогорку окуу жайларында жана диний билим алуу жаатында окутулуу менен бирге эле анын ар кыл тармактары боюнча теориялык, практикалык, методикалык багыттагы ар кандай изилдөө иштери жаңы гана башталып жатат. Араб тилинин өзүнчө бир тармагы болгон фразеология боюнча да араб өлколору менен катар башка олкөлөрдө да бир топ эмгектер жаралды. Бирок жалпы араб тилинин фразеологиясы боюнча атайын изилдоолор отө аз же жок десек да жаңылышпайбыз. Негизинен бир нече китепген жана чакан методикалык колдонмолордон турган чет тилдерде жазылган эмгектерди эске албаганда өлкөбүздө эмгектер

жокко эсе. Ошондуктан бул макалабызда фразеологизмдердин аныктамасын берүү менен Ыйык Курандагы фразеологизмдерди тактап, алардын кыргыз тилиндеги сыңарларын табуу маселесин карайбыз. Араб тилинен кыргыз тилине котормолордо тилеке каршы фразеологизмдер мааниси башкача болуп же туура эмес которулуп калган учурлар көп кездешет. Демек, араб тилинин фразеологиясын котормо өңүтүнөн изилдөө иши учурдагы актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Негизи эле татаал жана кызыктуу болгон фразеологизмдердин табияты араб тилинде али толук изилденип бүтө элек, ал үчүн көптөгөн теориялык, практикалык, методикалык аспектидеги илимий иштер илимпоздор тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш десек жаңылыштык болбос. Фразеологизмдер котормодо кыйынчылыкты туудурат, анткени лексиканын өтө татаал жагна бай сөз каражаттарынын катарына кирет. Бир тилди үйрөнүүдө жалаң эле жөнөкөй сөздөрдү үйротпостон ошол элдин маданиятын да үйрөтүү чет тилдин жакшы үйротүлүшүнө шарт түзүп берет. Ал эми фразеологизмдер маданият менен тыгыз байланышта болот. Фразеологизмдерди туура түшүнүү алардын түура которулушуна да жардам берет. Бул өңүттөн алып карасак Ыйык Куранда араб фразеологизмдеринин эң соонун үлгүлөрүн кездештирүүгө болот.

Ыйык Куранды түшүнүү үчүн, аны араб тилинен башка тилдерге которуу, түркий тилдер менен катар эле кыргыз тилине которуу иши акыркы мезгилде жакшы эле саамалык болуп жатат десек жаңылышпайбыз. Бирок ушул котормолор канчалык деңгээлде туура которулуп жатат? Бул котормолордо башка тилдик каражаттар менен кошо фразеологизмдерге канчалык маани берилип жатат? Бул котормолордо фразеологизмдер туура которулуп жатабы? Мына ушундай суроолорго бул макалабызда жооп табууга аракеттендик.

Курандагы фразеологизмдердин туура которуу менен, Куранды түшүнүүгө салым кошууга болот. Ошондой эле араб тилин чет тил катары окутууда фразеологизмдердин туура которулушун үйрөтүү менен филология жана теология факультеттеринин студенттери үчүн араб тилинин фразеологиясын окутуунун методикасын иштеп чыгууга жол ачылат.

### Фразеологизмдин аныктамасы

Күнүмдүк турмушта пайдаланууда эч кандай чечмелөөсүз эле түшүнүүгө боло турган сөздөрдөн айырмаланып, фразеологизмдер ата-бабадан мурас катары элдин турмуш – тиричилиги, каада-салты, үрп - адаты, адеп - ахлагы, диний ишенимдери жөнүндогу маалыматтарды өз ичине камтыган татаал тилдик бирдик, көрком каражат болуп саналат. Мындай сөздөрдүн тарыхын билип, маанисин

атайын чечмелемейин толук түшүнүүгө мүмкүн эмес. Фразеологизмдер араб тилинин менен катар эле башка тилдердин да көркөмдүгүнө, элестүүлүгүнө, таасирдүүлүгүнө өз салымын кошот.

Бүгүнкү күндө фразеологизмдер деп биз атап жүргөн тил каражаттарын изилдеген тил илиминин бир сферасы болгон - фразеология илими батыш тил илиминдегидей эле араб тили илиминде да өз алдынча илим же тармак катары калыптана элек. Албетте бул мезгилге чейин фразеологизмдер макал-лакаптар менен кошо изилденип келгени[1] менен араб тилинде заманбап мааниде изилдене башташы өтө эле жаңы десек[2] сөзүбүз чеки болбос. Демек араб тилинде фразеологизмдерди фразеологизм катары изилдеген эмгектердин тарыхы өтө жаш. Ошентсе да фразеологзмдердин эски булактарда макалдар менен кошо маанисинин чечмелениши жана бул багыттагы эмгектердин жазылуу тарыхы өтө эски болуп эсептелет.

Ар бир тилдеги сөздөрдү тилдин лексикология деген бөлүмү изилдейт. Бирок фразеологизмдерди лексикология илими изилдейби же фразеология илими изилдейби деген талаш тартыш маселе бар. «Фразеология» деген термин грек тилиндеги frasise -туюнтма, ойду өзгөчө туюндуруучу кептин чакан түрмөгү, logos-сөз, түшүнүк, илим деген сөздөрүнөн алынган[3]. Бул термин азыркы учурда тигил же бул тилдеги өзгөчө туюнтмаларды окутуп-үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы - фразеология деп аталып калды. Ырас, тилдеги өзгөчө туюнтмалар мурда ар түрдүү терминдер менен белгиленип («фраза», «фразема», «идиома», «фразеологиялык бирдик» д. у. с.) жүргөн эле, бүгүнкү күндө дээрлик бардык илимий эмгектерде жана окуулуктарда алар көбүнчө «фразеологизмдер» деген термин менен аталууда. Фразеологизмдерди (тилдеги өзгөчө туюнтмаларды) окутуп-үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы катары таанылган фразеология - азыркы учурдагы эң актуалдуу маселелердин бири[4]. Бул маселенин, тактап айтканда, фразеологиянын, анын объектисин түзүп турган фразеологизмдерди ар тараптан терең изилдөө баардык тил илиминдеги актуалдуу маселелердин бири[5].

Акыркы кезде фразеология илиминин изилдей турган объектиси - тилдеги фразеологизмдер боло тургандыгы такталды.

---

[1] Doğru, E. (2004). *Modern Arapçadaki Deyimlerin Semantik,Sentatik ve Pragmatik Yönlerden İncelenmesi ve Yabancı Dil Öğretimindeki Yeri.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi, Gazi Üniversitesi Eğitim Bilimleri Enstitüsü, 4-бет

[2] Ушаков, В. (1996). *Фразеология Корана.* Москва: Восточная литература, 14-бет.

[3] Эгембердиев, Р. (2009). *Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографиялашы.* Бишкек, 13-бет

[4] Эгембердиев, Р. (2007). *Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер.* Бишкек: БГУ, 10-12 беттер.

[5] Абдуллаев, Э., Исаев, Д., Орузбаева, Б., Осмонова, Ж., Сартбаев, К., Турсунов, А. (1980). *Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.* Фрунзе: Илим. 3-5 беттер.

Жалпы тил илиминде да, түркологияда, башка тилдерде, анын ичинде араб тилинде да илимий иштер иштелип, коптогон макалалар жарык корду. Фразеологизмдер ар тараптан изилдөөгө алынды.

Араб тилинде фразеологизмдердин изилденүүсүнө кыскача токтолк турган болсок, Заки Хусамиддин (1985), *"ат-Табир ул-ыстылахи", "Дирасатун фи тасилил мусталах ва мавхумаху ва мажаллатухуд-делалиййа ва анматухут таркибиййа"* деген изилдөөсүндо араб тилиндеги фразеологизм темасына алгачкылардан болуп илимий негизде кайрылуу менен бирге эле араб тилиндеги фразеологизмдердин аныктамасын берип[6], алардын негизги озгочолукторун изилдеп корсоткон.

Ал эми Сулейман Кочак (2004), *Курандагы фразеологизмдер* деген аталыштагы доктордук ишинде Курандагы фразеологизмдерди изилдеп, аныктамасын берип, категорияларга болуп чыккан[7]. Автор Курандагы фразеологизмдерди Курандын стили жана адабий жанры боюнча тактап чыккан. Эрдинч Догру (2004), *"Заманбап араб тилиндеги фразеологизмдердин, семантикалык, синтаксистик жана прагматикалык өңүттөн изилдениши жана чет тилдерди үйрөтүүдөгү орду"* деген темадагы доктордук ишинде араб тилиндеги фразеологизмдердин түзүлүшүн аныктап, алардын араб тилин окутуудагы орду боюнча негизги маселелерге токтолгон. Автр ошондой эле араб тилиндеги фразеологизмдердин аныктамасын так жана туура берүүдөгү семантикалык баш аламандыкка тилчилердин көңүлүн буруу менен фразеологизмдердин озгочолукторун эске алуу менен бардык талапка төп келген фразеологизмдин аныктамасын берүүгө аракеттенген[8].

Ошондой эле Иззет Хусеин Гураб (2005) *Курандагы фразеологизмдер* деген эмгегинде фразеологизмдерди изилдоо менен алардын негизги маселелерин аныктап, алардын структуралык жана семантикалык озгочолукторун жазып көрсөткөн[9]. Ал Курандагы фразеологизмдерди тематикалык жактан озүнчө болуктөргө болүнгөн. Араб тилиндеги бул эмгек бул багыттагы эң чоң жетишкендик катары баалап, бул багыттагы негизги муктаждыкты канааттандырган дурус эмгектердин бири болгондугун биз баса белгилеп өткубүз келет.

---

[6] Хусамуддин, К. З. (1985). *Ат-Табирул-Ыстылахи* (1-Басым.). Каир: Мактабатул Анжили Мисриййа, 12-бет.

[7] Koçak, S. (2004). *Kur'ân'da Deyimler.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi, Ankara Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü, 20-25 беттер.

[8] Doğru, E. (2004). *Modern Arapçadaki Deyimlerin Semantik,Sentatik ve Pragmatik Yönlerden İncelenmesi ve Yabancı Dil Öğretimindeki Yeri.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi,Gazi Üniversitesi Eğitim Bilimleri Enstitüsü.20-бет.

[9] Иззет Хусеин Гураб (2005). Ат-табиратул-Ыстылахиййа фил Куранил Карим, Димят, 2005, 8-13 беттер.

Орус тилчиси В.Д.Ушаков (2006) *Фразеология арабского классического языка (На материале языка Корана)* деген доктордук изилдоосүндо Курандагы фразеологизмдерди ар тараптуу карап чыккан[10]. Автор ушул темага коп ирет кайрылган, илимий изилдоолорүндо Курандагы фразеологизмдер менен классикалык араб тилиндеги фразеологизмдерди өз ара салыштыргандыгы автор тарабынан белгиленген.

Абдужелил Билгин (2006) *"Курандагы фразеологизмдер жана Земахшеринин Кешшафы"* деген эмгегинде Курандагы фразеологизмдерди жазуу менен бирге эле Курандагы фразеологизмдер туура эмес которулушу боюнча ой-пикирлерин айтып өткөн. Ошондой эле бул изилдөөдө Земахшеринин фразеологизмдердин маанисин түшүндоргөн көз карашы боюнча цитаталар келтирилген[11].

Жогогруда аты аталган эмгектерди жана жалпы эле тил илиминдеги эмгектерди карап чыгып, биз фразеологизмге төмөнүдөй аныктама бере алабыз: ***эки же андан ашык компоненттерден туруп, лексикалык бир бүтүндүккө айланып, семантикалык жактан ширелишкен, синтаксистик функциясы боюнча сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарып, кепте (речте) даяр формасында колдонулуп, образдуу сапатка ээ болгон туруктуу сөз түрмөктөрүн фразеологизмдер деп айтабыз.***

Жогорудагы аныктама менен бирге эле тил илимпоздорунун ар түрдүү аныктамалары бар. Ошондой эле бир тилдеги фразеологизмдин аныктамасы экинчи тилдеги фразеологизмдин аныктамасына туура келе бербейт. Анткени ар бир тилдин тарыхый, маданий, тилдик ж.б.у.с. өзгөчолүктөрү бири биринен өзгочолонүп турат. Фразеологизмдин араб тилиндеги аныктамасы атайын изилдоону талап кылган өтө татаал, өтө кызыктуу тема болгондуктан биз бул жерде ал темага терең кайрылбайбыз.

Фразеологизмдердин курамын аныктоодо жогоруда саналган белгилер менен катар эле кээде ага тиешелүү болгон кошумча белгилерди да эске алууга туура келет. Алар:

1. Бир тилден экинчи тилге созмө соз которулбастыгы;
2. Сөзго эквиваленттүүлүгү.

---

[10] Автордун бул багыттагы эмгектери :Ушаков, В. (1989). *Фразеология арабского классического языка (На материале яз. Корана).* Москва: Автореферат диссетации,Академия Наук СССР. Ушаков, В. (1996). *Фразеология Корана.* Москва: Восточная литература.

[11] Bilgin, A. (2006). *Kur'ân'daki Deyimler ve Zemahşerî'nin Keşşâfı.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi,Ankara Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü, 18-22 беттер.

Фразеологизмдердин бир тилден экинчи тилге которуу маселеси көп эле окумуштуулар тарабынан изилденген. Бул багытта чет тилдерде коптөгөн эмгектерди карап чыктык. Өлкөбүздө болсо фразеологиядагы котормо ишине түздөн түз тиешелүү жазылган алгачкы эмгек- И.Н.Исабековдун *"Фразеологизмы и проблемы их перевода"* деген кандидаттык диссертатциясы. Автор бул маселеге иликтөө жүргүзүп, өз сунуштарын кыргыз жана орус тилиндеги мисалдар менен иштеп чыккан. Биз аты аталган автордун жана башка бул багытта изилдөө жүргүзгөн тилчилердин сунуштарын кубатайбыз. Алардын терең изилдөөлөрүн, эмгектерин[12] карап чыгып биз негизинен Курандагы фразеологизмдердин үч түрдүү жол менен которуу жолун сунуштайбыз. Алар төмөнкүлөр:

1) Фразеологизмдердин фразеологизмдер аркылуу которулушу

2) Фразеологизмдердин сөз тизмектери (эркин сөз айкаштары) аркылуу которулушу

3) Фразеологизмдердин бир сөз аркылуу которулушу

Эми жогорудагы үч жол боюнча фразеологизмдердин бир тилден экинчи тилге которулушун төмөнкү Куран аяттарын мисалында карап көрөлү.

1. Фразеологизмдердин фразеологизмдер аркылуу которулушу бир тилдеги фразеологизмдин экинчи тилде да сыңарынын (эквивалентинин) бар болуусу аркылуу ишке ашат.

يَوْمَ تَبْيَضُّ وُجُوهٌ وَتَسْوَدُّ وُجُوهٌ فَأَمَّا ٱلَّذِينَ ٱسْوَدَّتْ وُجُوهُهُمْ أَكَفَرْتُمْ بَعْدَ إِيمَانِكُمْ فَذُوقُوا ٱلْعَذَابَ بِمَا كُنتُمْ تَكْفُرُونَ

Жүздөрү жарык жана жүздору кара болгон күндо жүзү караргандарга "Ыйман кылып кайра каапыр болдуңарбы? Ыйман келтирбегениңер үчүн азап тарткыла"- делет.

Ушул аяттагы[13] تَبْيَضُّ وُجُوهٌ деген фразеологизмди Алауддин Мансур "жүзү ак болуу"[14], Исмаилов, "жүзү агаруу"[15], Алымбеков "жүзү жарык болуу"[16] деп которгон. Баардык котормолордо араб тилиндеги фразеологизм кыргыз тилиндеги фразеологизм менен берилип, айтылып жаткан ой, маани жеткиликтүү болгон.

---

[12] Suçin, M. H. (2007). *Öteki Dilde var Olmak,Arapça Çeviride Eşdeğerlik.* İstanbul: Multilingual, 148-155 бетер, Awwad, M. A. (1989). Equivalence and Translatability of English and Arabic Idioms. *Papers and Studies in Contrastiv Linguistics,58-бет.* Baker, M. (1992). *In Other Words:A Coursebook On Translation.* Usa and Canada: Routledge.65-бет.

[13] Али Имран сүрөөсү, 106-аят.

[14] Алауддин Мансур (Которгон), (2004). *Курани Карим, Кыргызча котормосу жана түшүндүрмөсү.* Бишкек, 66-бет.

[15] Исмаилов, А., Абдылдаев, Д., Доолов, С., & Гавай, С.(Которгондор) (Бишкек). *Ыйык Куран,Маанилеринин кыргызча котормосу менен.* 2006, 63-бет.

[16] Алымбеков, Н (Которгон). (2008). *Куттуу Куран.* Бишкек, 65-66 беттер.

Ошондой эле Зумар сүроосүнүн 23-аятын карап көрөлү:

اللّهُ نَزَّلَ أحْسَنَ الْحَدِيثِ كِتَابًا مُتَشَابِهًا مَثَانِى تَقْشَعِرُّ مِنْهُ جُلُودُ الّذِينَ يَخْشَوْنَ رَبَّهُمْ ثُمَّ تَلِينُ جُلُودُهُمْ وَقُلوبُهُمْ إلى ذِكْرِ اللّهِ ذَلِكَ هُدَى اللّهِ يَهْدِى بِهِ مَنْ يَشَاءُ وَمَنْ يُضْلِلِ اللّهُ فَمَا لَهُ مِنْ هَادٍ

Бул аятта да تَقْشَعِرُّ مِنْهُ جُلُودُ деген фразеологизм кыргыз тилине " терилери (бүт денелери) титиреп кетүү" (Мансур), "денелери титирөө" (Исмаилов), "териси курушутуруу, денесине коркунуч алып келүү" (Алымбеков) деп которулган. Бул сөз айкаштары "дене бою дүр этүү", аза бою дүркүрөө жүрөгү калтыроо деген фразеологизмдерге жакын болгондуктан маанини толук берди, котормо толук түрдө ишке ашты деп айта алабыз.

2. Фразеологизмдердин сөз тизмектери (сөз айкаштары) аркылуу которулушу боюнча сөз кыла турган болсок, тилдердин өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө, курчап турган маданиятына ылайык алардын сөз каражаттары түрдүү болорун билип алуу абзел. Мын ошондуктан бир тилдеги фразеологизмдин экинчи тилдеги сыңары (эквиваленти) жок болуусу табигий иш. Төмөнкү аяттардын мисалында фразеологизмдердин сөз тизмектери (сөз айкаштары) аркылуу которулушун карап көрөлү.

يَاقَوْمِ ادْخُلوا الأرْضَ المُقَدَّسَةَ الّتِى كَتَبَ اللّهُ لكُمْ وَلاَ تَرْتَدُّوا على أدْبَارِكُمْ فَتَنْقَلِبُوا خَاسِرِينَ

Ушул Маида сүрөөсүнүн 21-аятындагы تَرْتَدُّوا على أدْبَارِكُمْ деген фразеологизм кыргыз тилине **"аркага кайтып кетүү"**( (Мансур), **"артына кайтуу"** (Исмаилов), **"арт жака кайтуу"** (Алымбеков) деп которулган. Демек бул жерде араб тилиндеги фразеологизм кыргыз тилинде жөнөкөй сөз айкаштары, сөз тизмектери менен берилген.

Тооба сүрөсүнүн 38-аятында фразеологизмдин кыргыз тилинине жөнөкөй сөз айкашы катары берүү мисалын карап көрөлү.

يا أيُّهَا ٱلّذِينَ آمَنُوا مَا لكُمْ إذا قِيلَ لكُمُ ٱنفِرُوا فِى سَبِيلِ ٱللّهِ ٱثّاقَلتُمْ إلى ٱلأرْضِ أرَضِيتُمْ بِٱلْحَيَاةِ ٱلدُّنْيَا مِنَ ٱلآخِرَةِ فَمَا مَتَاعُ ٱلْحَيَاةِ ٱلدُّنْيَا فِى ٱلآخِرَةِ إلاّ قَلِيلٌ

Бул аяттагы ٱثّاقَلتُمْ إلى ٱلأرْضِ деген фразеологизм кыргыз тилине **"өз жерине (тактап айтканда журтуна) жабышып алуу"**(Мансур), **"салмагын жерге салуу, жерден козголгусу келбөө** (Исмаилов), жерден башты көтөрө албоо (Алымбеков) деп жөнөкөй сөз айкаштары, сөз тизмектери аркылуу которулган. Жогорудагылар менен кошо эле дүнүйөнү, дүнүйө мүлктү сүйүп козголгусу келбөө, мал мүлктүн үстүнө түшө калуу деген маанилерде да которуу болот деген ойду айтып кетмекчибиз. Анткени араб тилиндеги ٱثّاقَلتُمْ إلى ٱلأرْضِ деген фразеологизм образдуу түрдө биз айткан "дүнүйө мүлктү сүйүү" деген маанини да билдирип жатат.

ٱسْتَوَى عَلَى ٱلْعَرْشِ - деген фразеологизм ыйык Курандын бир нече[17] сүрөлөрүндө колдонулган.

---

[17] Арааф сүроосу 54-аят,Таха сүроосу 5-аят, Ра" сүроосу 2-аят.

إِنَّ رَبَّكُمُ ٱللَّهُ ٱلَّذِي خَلَقَ ٱلسَّمَاوَاتِ وَٱلْأَرْضَ فِي سِتَّةِ أَيَّامٍ ثُمَّ ٱسْتَوَىٰ عَلَى ٱلْعَرْشِ يُغْشِي ٱللَّيْلَ ٱلنَّهَارَ يَطْلُبُهُ حَثِيثًا وَٱلشَّمْسَ وَٱلْقَمَرَ وَٱلنُّجُومَ مُسَخَّرَاتٍ بِأَمْرِهِ أَلَا لَهُ ٱلْخَلْقُ وَٱلْأَمْرُ تَبَارَكَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلْعَالَمِينَ

Чындыгында, силердин Эгеңер – Алла! Ал асмандар менен жерди алты күндө жаратып, Аршка ээ болду. Бирин-бири кубалап, күндүздү орогон түндү, күн менен айды жана жылдыздарды амирине Өзү багындырды. Акыйкатта, жаратуу жана бийлик жүргүзүү – Ага таандык. Ааламдардын Эгеси Аллага улуктук!, Арааф сүрөсү,54-аят.

Ушул фразеологизм кыргыз тилине **"өз аршында түргөн"**(Мансур), **"аршка ээ болуу"**(Исмаилов), **"аршты элөө"** (Алымбеков) деп жөнөкой сөз айкаштары, сөз тизмектери аркылуу которулган.

Бул жерде негизги айтыла турган ой, тафсир китептеринен карап корсок "толук бийлигин орнотуу"[18] болуп эсептелет. Кыргыз тилине которууда жогорудагы жөнөкөй сөз айкаштары, сөз тизмектери аркылуу менен катар эле, бийликти колго алуу(эркин сөз айкашы, эки тизгин бир чылбырды колго алуу (фразеологизм) деп да которууга болот. Ыйык Курандын Анфаал сүросүнүн 75- аятындагы أُولُوا ٱلْأَرْحَامِ деген фразеологизмдин которулуусун карап көрөлү.

وَالَّذِينَ آمَنُوا مِنْ بَعْدُ وَهَاجَرُوا وَجَاهَدُوا مَعَكُمْ فَأُولَٰئِكَ مِنْكُمْ وَأُولُوا الْأَرْحَامِ بَعْضُهُمْ أَوْلَىٰ بِبَعْضٍ فِي كِتَابِ اللَّهِ إِنَّ اللَّهَ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيمٌ

Кийин ыйман келтиргендер, жер которгондор жана силер менен бирге дин үчүн күрөшкөндөр, алар – силерден. Бирок, кандаш бир туугандар Алланын Китеби боюнча бири бирине жакын. Акыйкатта, Алла бардыгын Билүүчү.

Ушул фразеологизм кыргыз тилине **"тууган уруктар"**(Мансур), **"кандаш бир туугандар"**(Исмаилов), **"каны бирге уруктар"** (Алымбеков) деп баардык котормолордо фразеологизм кыргыз тилинде эркин сөз айкаштары менен берилген.

1) Фразеологизмдердин бир сөз аркылуу которулушу.

Үчүнчү жол боюнча фразеологизмдердин бир тилден экинчи тилге которулушун төмөнкү Куран аяттарын мисалында карап көрөлү. Ыйык Куранда ابْنَ ٱلسَّبِيلِ деген фразеологизм көп эле аяттарда колдонулган[19] жана <u>сөзмө сөз</u> кыргыз тилине которулганда "жолдун баласы" деп которулат. Ушул фразеологизмдин Тооба сүрөөсүнүн 60-аятындагы маанисин карап көрөлү: إِنَّمَا ٱلصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَٱلْمَسَاكِينِ

وَٱلْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَٱلْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي ٱلرِّقَابِ وَٱلْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱبْنِ ٱلسَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنَ ٱللَّهِ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ

Садага-зекеттер кедейлерге,бечараларга садака жыйноочуларга, жүрөгү динге жибигендерге, кулдарды эркиндикке чыгарууга, Алла

[18] *Аль-Мунтахаб.* (2007). Ж. Абдымалик уулу (Бадиров), Бишкек, 184-бет.

[19] Ниса сүрөөсү 36-аят, Анфал сүрөөсү 41-аят, Тооба сүрөөсү 60-аят, Исра сүрөөсү 26-аят, Рум сүроосү 38 –аят, Хашр сүрөөсү 7-аят, Бакара сүрөөсү 177, 215-аяттар.

жолундагыларга жана жолоочу-мусапырларга парз кылынды. Алла - Билүүчү жана Даанышман.

Ушул фразеологизм кыргыз тилине **"жолочу, мусапыр, жол жүргөн мусапыр"**(Мансур), **"жолоочу, мусапыр"**(Исмаилов), **"жолоочу, мусапыр"** (Алымбеков) деп баардык котормолордо фразеологизм кыргыз тилинде бир сөз менен берилген. Анткени кыргыз тилинде "жолдун уулу" деген сөз колдонулбайт.

Худ сүрөсүнүн 116- аятындагы أُولُوا بَقِيَّةٍ деген фразеологизмдин которулуусун карап көрөлү.

فَلَوْلَا كَانَ مِنَ الْقُرُونِ مِنْ قَبْلِكُمْ أُولُوا بَقِيَّةٍ يَنْهَوْنَ عَنِ الْفَسَادِ فِي الْأَرْضِ إِلَّا قَلِيلًا مِمَّنْ أَنْجَيْنَا مِنْهُمْ وَاتَّبَعَ الَّذِينَ ظَلَمُوا مَا أُتْرِفُوا فِيهِ وَكَانُوا مُجْرِمِينَ

Силерден мурдакы кылымдардагы акыл ээлери жер жүзүндөгү бузукулуктан тыйылышкан болсо... Бирок алардын азын гана куткардык. Заалымдар өздорүнүн жеке турмушунун жыргалчылыктарынын артынан сая кууп түшүп алышты да, күнөөгө батышты.

Ушул фразеологизм кыргыз тилине **"бузукулуктан кайтара турган"**(Мансур), **"акыл ээлери"** (Исмаилов), **"акылдуулар"** (Алымбеков) деп которулган. Демек баардык котормолордо фразеологизм кыргыз тилинде эркин сөз айкаштары же бир сөз менен берилген.

Ыйык Курандагы ضَرَبَ على أذنِهِ деп колдонулган фразеологизмдин которулушун карап көрөлү.

فَضَرَبْنَا عَلَىٰٓ ءَاذَانِهِمْ فِى ٱلْكَهْفِ سِنِينَ عَدَدًا

... аларды ал үңкүрдо көп жылдарга уктатып салдык[20]. Кахф сүрөосү, 11-аят.

Ушул фразеологизм кыргыз тилине **"кулактарына уруп-уктатуу"**(Мансур), **"кулактарын парда менен тосуп койуу (кулактарын эч нерсе укпай турган кылып катуу уктатып салуу)"** (Исмаилов), **"үн киргизбей кулакткрын тып басуу"** (Алымбеков) деп которулган. Баардык котормолордо фразеологизм кыргыз тилинде эркин сөз айкаштары же бир сөз менен берилген. Бирок тафсир китептерден бизге маалым болгондой, бул жерде айтыла турган ой "уктатуу" деген маани болуп эсептелет. Ошондуктан "уктатуу" деп эле бир фразеологизм менен котормодо сыңардуулукка жетип, айтыла турган маанини толук жекире алабыз деген ойдобуз.

## ЖЫЙЫНТЫК

Макаланын илимий божомолу менен карай турган болсок араб тилинин фразеологизмдерди кыргыз тилине которуу кыйынчылыкка

---

[20] *Аль-Мунтахаб.* (2007). Ж. Абдымалик уулу (Бадиров), Бишкек, 373-бет.

турарына ынанабыз. Араб тилинин фразеологиясын изилдеген кээ бир илимий эмгектерде фразеологизмдердин так аныктамасы такталбаган, кээ бир изилдөөлөрдө фразеологизмдер башка сөз каражаттары (макал-лакаптар, татаал сөздөр.ж.б.у.с.) менен аралашып кеткен. Ушул жагдай да фразеологизмдердин так жана туура которулуусуна негизги тоскоол болуп келет. Фразеологизмдердин туура которулушу үчүн котормочунун эки тилди бирдей билүүсү менен эле тилдеги эң манилүү каражат болгон-фразеология деген илимден маалыматы болууга тийиш.

Тилдердин өзочөлүкторүнө жараша жана аларды курчап турган чөйрөгө ылайык ошол тилдеги фразеологизмдердин табияты да ар түрдүү болот. Бир тилде кандайдыр бир ойду же бир максатты билдирүү үчүн фразеологизм колдонулга болсо, экинчи тилде ошол эле ойду же бир максатты билдирүү үчүнбир эле сөз же эркин сөз айкашы колдонулушу мүмкүн. Демек араб тилиндеги фразеологизмдердин баарынын эле кыргыз тилинде сыңары (эквиваленти) боло бербейт. Мындай учурда котормочу жогоруда биз сөз кылып өткөн жолдор аркылуу которсо, бул котормонун да так, туура жана таасирдүү болушун шарттайт. Албетте Ыйык Курандын кыргыз тилине котормолорунун авторлорунун котормо жараяанында албан эмгек жумшагандыктары корүнүп турат. Ошентсе да аворлордун көңүлүн фразеологизмдердин которуу маселесине буруп коюууну ылайык кордук.

**Колдонулган адабияттар**


Awwad, M. A. (1989). Equivalence and Translatability of English and Arabic Idioms. *Papers and Studies in Contrastiv Linguistics* , 57-67.

Абдуллаев, Э., Исаев, Д., Орузбаева, Б., Осмонова, Ж., Сартбаев, К., Турсунов, А. (1980). *Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.* Фрунзе: Илим.

Baker, M. (1992). *In Other Words:A Coursebook On Translation.* Usa and Canada: Routledge.

Bilgin, A. (2003). *Kur'ân'da Deyimler ve Kur'ân'ın Anlaşılmasındaki Rolü.* İstanbul: Pınar yayınları.

Bilgin, A. (2006). *Kur'ân'daki Deyimler ve Zemahşerî'nin Keşşâfı.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi,Ankara Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü.

Doğru, E. (2004). *Modern Arapçadaki Deyimlerin Semantik,Sentatik ve Pragmatik Yönlerden İncelenmesi ve Yabancı Dil Öğretimindeki Yeri.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi,Gazi Üniversitesi Eğitim Bilimleri Enstitüsü.

Koçak, S. (2004). *Kur'ân'da Deyimler.* Ankara: Yayımlanmamış Doktora Tezi, Ankara Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü.

Suçin, M. H. (2007). *Öteki Dilde var Olmak,Arapça Çeviride Eşdeğerlik.* İstanbul: Multilingual.

*Аль-Мунтахаб.* (2007). (Ж. Абдымалик уулу (Бадиров),Бишкек.

Алымбеков, Н (Которгон). (2008). *Куттуу Куран.* Бишкек.

Исабеков, И. (2005). *Фразеологизмы и проблемы их перевода (на материале кыргызского и русского языков).* Бишкек: НАН КР.

Исмаилов, А., Абдылдаев, Д., Доолов, С., & Гавай, С.(Которгондор) (Бишкек). *Ыйык Куран,Маанилеринин кыргызча котормосу менен.* 2006.

Касими, А. (1979). ат-Табирул-Ыстылахиййа вас-Сийакиййа ва Мужамун Арабиййун лахаа. *Ал-Лисанул Арабий Журналы , 17* (1-Жүз), 17-34.

Алауддин Мансур (Которгон), (2004). *Курани Карим, Кыргызча котормосу жана түшүндүрмөсү.* Бишкек.

Ушаков, В. (1989). *Фразеология арабского классического языка (На материале языка Корана).* Москва: Автореферат диссетации,Академия Наук СССР.

Ушаков, В. (1996). *Фразеология Корана.* Москва: Восточная литература.

Хусамуддин, К. З. (1985). *Ат-Табирул-Ыстылахи* (1-Басым.). Каир: Мактабатул Анжили Мисриййа.

Эгембердиев, Р. (2007). *Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер.* Бишкек: БГУ.

Эгембердиев, Р. (2009). *Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографияланышы.* Бишкек.